DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-60-155-158
УДК: 82.091

**Көлбаева М. К.,** *филол. илимд. докт.*
*mkolbaeva@mail.ru*
*ORCID: 0000-0002-1705-8490*
*КР УИАнын Ч. Айтматов ат.*
*Тил жана адабият институту*
*Бишкек ш., Кыргызстан*

# АЖИНИЯЗ КОСЫБАЙ УУЛУ МЕНЕН АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ПАРАЛЛЕЛДЕР

*Макалада каракалпак шайыры Ажинияз Косыбай уулу менен кыргыз акыны Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгындагы параллелдерди талдоону максат кылдык. Бир жылда жарык дүйнөгө келип, бири Хива хандыгында, экинчиси кыргыз жеринде өмүр кечирген. Эки акын тең балалык мезгилинде турмуштун оорчулугун тартып өсүп, эс тарткандан өмүрүнүн акыркы жылдарына чейин бири каракалпак, экинчиси кыргыз элинин башынан өткөргөн оор тарыхый кырдаалдарды көзү менен көрүп, кыйналган элдин тагдырын, кыйынчылык күндөрүн ырга салган. Ошондой эле эл башчыларына акыл-кеңешин айтып, жол көрсөтүүчү саптарды да жаратышкан. Элдик оозеки чыгармачылыктагы арман, кошок, айтыш ж. б. жанрларды, түрдүү тематикадагы лирикалык ырларды жаратууда параллель болгон ойлор, окшош чыгармачылык идеяларды жараткан. Мунун өзү эки акынды тең өз элинин элдик акындары экенин ырастап турат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Ажинияз, Арстанбек, акын, шайыр, замана, кошок, айтыш, арман, бийлик.*

**Колбаева М. К.,** *докт. филол. наук,*
*mkolbaeva@mail.ru*
*ORCID: 0000-0002-1705-8490*
*НАН КР, Институт языка и литературы им. Ч. Айтматова*
*г. Бишкек, Кыргызстан*

# ПАРАЛЛЕЛИ В ТВОРЧЕСТВЕ АЖИНИЯЗА КАСЫБАЯ УУЛУ И АРСТАНБЕКА БУЙЛАШ УУЛУ

*В указанной статье автором была поставлена цель - проанализировать параллели в творчестве каракалпакского поэта Ажинияза Касыбая уулу и кыргызского поэта Арстанбека Буйлаш уулу. Они родились в один год, один жил в Хивинском ханстве, а другой жил на кыргызской земле. Детство обоих поэтов прошло в острой нужде. С момента прихода осознанности они начали слагать песни о тяжелой судьбе – один кыргызского, другой каракалпакского народов, свидетелем которых стали они сами. А также они давали советы правителям народов, слагая строки, указывающие путь.*

*Они создавали произведения арман, кошок, айтыш и другие тематические разновидности лирики устного народного творчества, создавали тождественные творческие идеи, параллельные мысли. Это подтверждает, что оба поэта являются народными поэтами своих народов.*

***Ключевые слова****: Ажинияз, Арстанбек, поэт, весёлый, время, плач, состязания, грусть, власть*

**Kolbaeva M. K.,** *doc. philolog. science,*
*mkolbaeva@mail.ru*
*ORCID: 0000-0002-1705-8490*
*NAS KR, Institute of Language and literature named after Ch. Aitmatov*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# PARALLELS IN THE WORKS OF AZHINIYAZ KASYBAY UULU AND ARSTANBEK BUYLASH UULU

*In the above article our aim was to analyze parallels in the works of Karakalpak poet Azhiniyaz Kasybay uulu and Kyrgyz poet Arstanbek akyn. Born in the same year, one lived in the Khanate of Khiva and the other lived on Kyrgyz soil. Both poets wrote the fate of Kyrgyz people who grew up from lack of life from the time they were born to the last years of their lives. And also he gave advice to the ruler of the people, showed the way. He wrote different folk works arman, koshok, aytysh and thematic varieties of lyrics, in parallel came up with ideas of lyrical works. This confirms that both poets are folk poets of their people.*

***Keywords**: Azhiniyaz, Arstanbek, poet, cheerful, time, lament, competition, sadness, power.*

«Бүгүнтөн артты карай канчалык алыстаган сайын, түбү бир биртууган калктардын жакындыгы ошончолук жакындайт», - деп айтылып жүргөндөй [1, 46-б.], кыргыз-каракалпак элдеринин оозеки элдик чыгармачылыгын талдап, андагы параллелдерди анализге алуу менен бул элдердин жакындыгы жана биртуугандыгы улам дааналана берет. Башкасын айтпаганда да, элдик чыгармачылыктагы макал-ылакап, табышмак, жаңылмач ж. б., балдар фольклорунун жанрлары, санат-насыят, терме, айтыш ж. б. лирикалык жанрларды жана да эпикалык чыгармачылыкты, турган жеринде ырды жамгырдай себелетип, ыр куроо мүмкүнчүлүгүн дааналап көрсөтүп берген төкмөлүк, айтуучулук өнөрлөрдү талдоого алууда каракалпак, кыргыз элдеринин жакындыгы дагы да ачыктала түшөт. Мындай жакындык эң алгач адабий процесстин өсүү тарыхын талдоодо да көрүнөт. Айталы, кыргыз адабияты элдик чыгармачылык, акындар поэзиясы жана профессионалдуу адабият деген чоң-чоң этаптардан турса, каракалпак адабияты да элдик чыгармачылык, революцияга чейинки адабият же шайырлык өнөр жана андан кийинки адабият деген үч чоң этаптан туруп, мазмундук жактан караганда, кыргыз адабиятынын өсүү тарыхы менен параллель тургандыгын көрөбүз.

Башкасын айтпаганда да, калктын өз башынан өткөргөн тарыхый чындыгын ырга салып, арман, өмүр-жаш, замана, арноо, кошок, терме ырларын жаратып, көбү ырчылык менен эпикалык дастандарды айтуучулукту, куудулдук менен комузчулукту, дүйнө, өмүр тууралуу ой калчаган философтукту, келечекти көрө билүүчүлүк ойчулдукту синкреттүү ала жүргөн төкмө ырчылык жана кол жазма өнөр кыргызда да, каракалпак адабиятында да өзгөчө орунда туруп, тарыхта аты калган бир катар төкмө жана кол жазма ырчылардын жаралышын шарттады. Эки элде тең төкмө ырчылык өнөрдүн элдик чыгармачылыкты улаган өнөр экени белгиленип келгени менен, качан башталды, кимден башталды деген суроо бүгүнкү күнгө чейин бүдөмүк. Ал эми мезгилдик жактан алганда, XIX кылымдын 2 жарымы – XX кылымдын башында эки элде тең төкмөлүк, кол жазма өнөр гүлдөп, каракалпак шайырлык өнөрүндө Күнкожо, Күдөри, Ажинияз, Меңеш, Сарыбай ж. б. акындар өмүр сүрсө, кыргыз акындар чыгармачылыгында Арстанбек, Калыгул, Токтогул, Жеңижок, Чоңду, Эсенаман сындуу акындардын жашап өткөндүгү маалым.

Каракалпак көркөм сөз өнөрүндө өзгөчө шайырлык атакка ээ болгон Ажинияз өнөрүнүн мүнөзүнө ылайык «акын», «молдо» деген атактарды алып жүргөн. Акын, ырчы, шайыр деген атоо кыргыз, казак ж. б. көпчүлүк түрк калктарында эл ичинде бийик урматка ээ болуп, сөз өнөрүн аздек тутуп, аны кесиби катары тутунган, элдин тагдырын, журттун милдетин өз маселеси катары көтөрүп, жан териси менен ага күйгөн улуу инсандарга берилген атак. «Акын» өз элинин «урматтуу адамы»

(К. Юдахин) катары мүнөздөлөт. Мындай улуу атак жазмакерлик менен төкмөлүктү бирдей ала жүргөн Ажинияз шайырга, Арстанбек ырчынын чыгармачылык тагдырына да туш болгон.

Ажинияз шайырдын чыгармачылыгынын мүнөзүнө ылайык өз аты менен бирге «молдо» деген атоо да бирге айтылат. Бул анын жаштайынан билим алып, өз чыгармаларын кагаз бетине түшүрүшүнөн улам берилген. Мындай ылакап ат кыргыз сөз өнөрүндө Тоголок Молдо, Молдо Нияз, Нурмолдо, Алдаш Молдо ж. б. ырчыларда кезигет. Демек, Ажинияз ырчы турган жеринде төгүп ырдоо менен жазмалыкты, окумалуулукту бирдей алып жүрүп, синкреттүү чыгармачылык мүнөзгө ээ залкар талант болгонун белгилөөгө болот.

Арстанбек акын да, Ажинияз шайыр да бала күнүнөн жармач жашоонун, оор турмуштун запкысын көрүп чоңоёт. Арстанбек бийдин токолу Төрөкандан төрөлүп, кой-козу багып чоңойсо, Ажинияз жөнөкөй балыкчынын үй-бүлөсүндө турмушка келип, торолот. Ажинияздын энеси Назира сөзге дилгир, өткүр тилдүү, кези келгенде айтышка түшө калган адам болсо, Арстанбекке атак «түш көрүү» менен келген.

Эки акындын замандын зарын ырдап, калктын камын ойлоп, элдин маселесин ачык көтөрүп ырдап калышына журттун башынан өткөргөн тарыхый чоң окуялар себепчи болгон. Ажинияз ырчынын чыгармачылыгы калыптанып жаткан учурда Хива хандыгы бир катар тарыхый бурулуш мерчемди өз башынан өткөрүп жатты. Мухаммед Амин хандын доору бүтүп, андан соң бийлик талашкан хан-бектердин чатагы чыгып, 1858-1859 жылдардагы Қоңурат көтөрүлүшүнө уланып, Хива тараптан бекитилген бийлик ээлери сүрүлүп, Мухаммед Пана хан көтөрүлүп, ал арада орус бийлигинен жардам суралып, келген аскерлер менен болгон чатактарды акын өз башынан өткөрөт. Мына ушул жылдары кыргыз жеринде да бийлик талашуу Кокон бийлигинин кысымы, бийлик талашкан кыргыз эл жакшыларынын ички чатагы, орус аскерлеринин кыргыз жерлерин басып алуусу сындуу тарыхый окуяларды Арстанбек ырчы да өз көзү менен көрүп, мындан улам кыйналган элдин абалын, тартып алынган жерди, кыйынчылыкка кабылган элди ырга салып, замандын оош-кыйышын ырларында чагылдырат. Ошол оош-кыйышта орус губернаторунан жардам сураган Мухамед Пананын негизги ою ордунан чыкпай, Амудария менен Акдария арасындагы Бозатау деген жерге барып коргон салып, 1600 Хива кожолугун кырып-жоюп, алдын Иранга кулдукка сатып, калайман окуя, каран түн түшкөн оор турмуштук жагдайды Ажинияз акын өз көзү менен көрүп, «Бозатау» дастанын жаратат. Ал эми Арстанбек да чабылып-чачылган элди, орус губернаторунун келип кыргыздын малга жайлуу, жанга жагымдуу жерлерин басып алып, чептерди куруп, өз бийлигин жүргүзүп жаткан абалын, калктын каржалган түрүн көрүп «Тар заман» ырын жаратат. Демек, эки акында тең элдин абалын, журттун көйгөйүн ырга салуу чыгармачылыктагы негизги багыт катары көрүнөт.

Ошондай эле эки акында тең эл башчыларына кеп-кеңешин айтып, акындык ак тилегин арнаган ырлары да бар. Мисалы, Ажинияз акын эл бийлөөчүлөргө:

Суу кушуна бир агарлык май бүтсө,
Каркылдашып конор көлүн таанproblems.
Падышанын дөөлөтү қайтайын десе,
Көзүн чел басып, элин таанproblems [2] - деп акындык кеңешин айтып, эл башчысына өзүнүн акындын кеңешин жолдойт. Ал эми Арстанбек акын:

Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып учса да,

Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.
Кабарың күнгө жетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да,
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң [3, 152] - деп, эл башынын эли менен бирге болгон бийлиги бекем болорун кеңеш кылат.

Эки акындын тең чыгармачылыгынын калыптанышына Чыгыш адабиятынын таасири болгон. Арстанбек 15-16 жашка барганда атасы Бойлош бийди Алымбек датка Анжиянга чакыртып алат. Кыязы, бир жазыгы болсо керек. Арстанбек бул иштен кийин атасынын артынан Анжиянга барып, датканын үйүндө жүрүп, бир катар ырчы, шайырлар менен ырдашып, датканын коногунда болгон бир катар өнөрлүүлөр менен ырдашып, аңгемелешип, Чыгыштын бир катар ыр, дастан, аңгеме баяндары менен тааныш болсо, Ажинияз ырчы Букарадагы Мир Араб медресесинде окуган мезгилинде динден билим алуу менен бирге Навои, Хафиз, Саади ж. б. чыгыш сөз зергерлери менен тааныш болот. Эки акындын адамдык тарых-таржымалындагы мына ушундай дал келүүлөр эки элдин көркөм сөз ээлеринин чыгармачылыгындагы параллелдердин жаралышын шарттаган.

XIX к. – XX к. жарымындагы төкмө ырчылыкты кесип туткан ырчылардын чыгармачылыгындагы негизги өзгөчөлүк – турган жеринде ыр курап, өнөр жарыштыруу. Бул мезгил аралыгында Күнкожо менен Күдөринин, Ажинияз менен Меңештин, Ажинияз менен Ырысты кыздын, Сарыбай менен Гүлмураттын ж. б. ырчылардын классикалык мүнөздөгү айтыштары белгилүү. Ал эми Арстанбек да кезинде кыргызга атагы чыккан бир топ ырчылар менен ыр эрөөлүнө түшүп, Сүйүнбай, Катаган өндүү казак ырчыларына чейин ырдашкан. Ал эми Ажинияз ырчы да кезинде «Ажинияз менен кыз Менештин айтышы», «Ажинияз менен кыздын айтышы» сындуу айтыштары белгилүү

Демек, каракалпак шайыры Ажинияз да, кыргыз акыны Арстанбек да өз элинин башынан өткөргөн оор тагдырын акындык жүрөк менен туюп ырдап, элдин көйгөйүн ырга салып, элдик оозеки чыгармачылыктагы дүйнө, өмүр, табият ж. б. темадагы лирикалык ырларды жаратып, санат-насыят, терме, айтыш жанрын бийик деңгээлге чыгарып, кези келгенде элдик эпикалык мурастарды, дастандарды айтып, өз элинин көркөм адабий деңгээлин көтөргөнү менен, чыгармачылык тагдыр, ыр куроо, элдин абалын чагылдыруу, замандын көйгөйүн ырга салууда параллель ойлорду айтып өткөн залкар таланттар деп баалоого болот.

**Адабияттар**:

1. Арстанбек [Текст] / Түзгөн: Б. Кебекова. - Бишкек: Шам, 1994.
2. Амантай Шарип. Әжінияз әлемі [Текст] / Амантай Шарип // TURKISTAN. - №25. - 21 маусым, 2024.
3. Арстанбек [Текст] / Китепте: Залкар акындар сериясы. 1-том. - Бишкек: Бийиктик плюс, 2015.
4. Ажинияз Косыбай улы // https://arboblar.uz/ru/people/azhiniyaz-kosybaj-uly.